КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 517/1 20 20 жылдын «29» июну

**Аралыктан өтө турган «Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынагын өткөрүү жөнүндө**

Инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана үй-бүлөлүк турмушта колдонууга киргизүү, ойлонуп табылган моделдерди мындан ары тиричиликте пайдалануу, окуучулардын эс алуу мезгилинде үй-бүлөсү менен биргеликте кызыктуу жана пайдалуу эс алууну уюштуруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Аралыктан өтө турган «Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынагы 2020-жылдын 21-июлунан 25-июлуна чейин «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясынын видеоконференциялар платформасында өткөрүлсүн.
2. Аралыктан өтө турган «Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынагынын Жобосу 1- тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Аралыктан өтө турган «Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынагын уюштуруу жана өткөрүү «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясына (директору Ж.Б.Бапанова) жүктөлсүн.
4. Аралыктан өтө турган «Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынагын өткөрүүгө кете турган чыгымдар «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясынын эсебинен жүргүзүлсүн.
5. Өткөрүлгөн оюн жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин, «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясынын сайтына жарыяланат.
6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектеп жана мектептен тышкары билим берүү башкармалыгына (М. Дж. Усеналиев) жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С.Джусупбекова**

Атк. Рысбеков Б.Б. 62-04-77

Тиркеме 1

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын "29" июну № 517/1 - буйругу менен бекитилди

КАНЦЕЛЯРИЯ

# АРАЛЫКТАН ӨТӨ ТУРГАН «ОЙЛОП ТАПКЫЧ ҮЙ-БҮЛӨ» РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАГЫ ЖӨНҮНДӨ

## ЖОБО

### 1. Сынактын максаты

Инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана үй-бүлөлүк турмушта колдонууга киргизүү, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн биргеликте кызыктуу жана пайдалуу эс алуусун уюштурууга салым кошуу.

### 2. Сынактын милдети

- Балдардын интеллектуалдык потенциалын жана техникалык көндүмдөрүн, ошондой эле пайдалуу моделди жаратуунун жүрүшүндө балдар менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүн өнүктүрүү;
- үй-бүлөдө жагымдуу психологиялык абалды түзүү, обочолонуу мезгилиндеги чыңалууну таратуу.

### 3. Сынактын уюштуруучулары

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;
2. «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясы.

### 4. Сынактын катышуучулары

Сынакты берилген темада аткарылган эмгектерди онлайн режиминде жактай турган үй-бүлөлөр республиканын бардык булуң-бурчунан катыша алышат.

### 5. Сынакты уюштуруу жана өткөрүү

Сунушталуучу эмгектерде иштөө принциби сүрөттөлүп, эсептөөлөр жана чийүү-сызуулар аркылуу чечилиши негизделип берилген, анын түпкү мааниси менен тиричилик керектөөсүндө ишке ашырууга пайдалуу жана колдонуу мүмкүнчүлүгү ачылган маани-маңызы, идеясы, образы моделге, макетке, жасалган буюмга сыйдырылууга тийиш.

Иштелип чыккан иштердин колдонуу чөйрөсү ар түрдүү, көп функционалдуу болушу мүмкүн, бирок үй-бүлөнүн тиричилигинде жаралган техникалык көйгөйлөрдү чечүүгө, үй-бүлөнүн жашоо шартын, үй-бүлөлүк бизнестин, эс алууну ж.б. жагымдуу, жемиштүү, жана жайлуулугун түзүүгө багытталышы зарыл.

Аткарылган ишти көрүү үчүн жактоого алынган иштин видеосу же сүрөтү сунушталууга тийиш.

Республикалык сынакта байгелүү орундарды ээлеген иштер (долбоорлор, моделдер, макеттер), дипломдор менен сыйланат. Сынактык иштер, долбоорлор, баяндамалар ж.б. алардын негизги жыйынтыктары массалык маалымат каражаттарында жана интернетте (авторлугу сакталып) жарыяланат.

«Ойлоп тапкыч үй-бүлө» республикалык сынактык онлайн режиминде окуучулардын эс алууга чыккан мезгилинде өткөрүлөт. **Каттоо 1-июлдан 20-июль аралыгында rdita.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт**. *Шилтеме боюнча катышуучунун формасын толтуруу зарыл. Милдеттүү түрдө толтурула турган тилкелер: баланын Ф.А.А., атасынын же чоң атасынын\таятасынын Ф.А.А., баланын туулган датасы,баланын жынысы, үй-бүлөнүн жашаган дареги (областы, району, шаары), байланыш телефону жана e-mail. E-mail колдонулуп, тынымсыз текшерилип турушу керек, анткени ага катталгандыгы тууралуу кабарлоо, долбоорду жактай турган күнү жана убактысы жөнүндө маалымат келет.*

**Жактоо 2020-жылдын 21-июлунан 25-июлуна чейин болот.**

## 6. Иштерди баалоонун критерийлери

Үй-бүлөнүн ишин баалоонун жүрүшүндө чыгармачылык менен мамиле жасалгандыгына, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн катышуу даражасына, жыйынтыктардын практикалык маанисине, иштин тариздeлиши жана дизайнынын сапатына, көрсөтмө материалдын болушуна жана сапатына, аткаруунун өзгөчөлүүлүгүнө, аткаруу

техникасынын деңгээлине артыкчылык берилет. Долбоорду жактоодо сынактын финалында кийинкилер эске алынат: материалдын так берилиши, жыйынтыктардын аргументтелиши, суроолорго жооптордун берилиши, жактоого берилген 10 мүнөттүн сакталгандыгы.

**7. Жыйынтыктарды чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

Тандоо этаптарында иштерди баалоо эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

Сынактын жыйынтыктары массалык маалымат каражаттарында, катышуучулардын каталогунда, ошондой эле «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясынын интернет-айдыңындагы сайтында жана башка тематикалык көргөзмөлөрдө, Кыргыз Республикасынын мезгилдүү басылмаларында жарыяланат.

Сынактын жеңүүчүлөрү жана байге ээлери I, II, III даражадагы дипломдор менен сыйланат.

**Байланышуу жолдору:**

**«Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясы**

**т.(0312) 31-58-47; (0312) 31-58-18, ф.(0312) 31-58-47. http://www.rdita.kg/**